Ош Мамлекеттик Университетинин Математика жана информациялык технологиялар факультетинин алгебра жана геометрия кафедрасынын 2020-жылдын 18-сентябрь күнү өткөрүлгөн №2 чогулушунун токтомунан

К Ө Ч Ү Р М Ө

**Катышкандар:** алгебра жана геометрия кафедрасынын жана матанализ кафедрасынын мүчөлөрү

КҮН ТАРТИБИ

**3-маселе** 2020-2021-окуу жылы үчүн 510100 “Математика” бакалавр багытынын НББПсын талкуулоо жана бекитүү.

Угулду: Папиева Т.М. – кафедра башчысы, программа жетекчиси.

– Былтыркы, 2019-2020-окуу жылында 510100 “Математика” бакалавр багытына биринчи жолу студенттер кабыл алынып, жаңы окуу жылында алар 2-курска көчүштү.

Бул программанын 2020-2021-окуу жылы үчүн негизги билим берүү программасы жаңыланды. Мында төмөндөгүлөр толукталды: 2-курста окутула турган дисциплиналардын аннотациясы, компетенциялар картасы.

КР ББИМ тарабынан ББПнын окуу пландарына өзгөртүү кийирүү буйругуна ылайык 510100 “Математика” бакалавр багытынын окуу планына төмөндөгүдөй өзгөртүү кийирилүү менен кайрадан бекитилди:

-ГСЭ циклиндеги орус тили, чет тили дисциплиналарынын кредити 8ден 4кө түштү, Кыргызстандын географиясы дисциплинасы базалык бөлүкө которулду;

- МЕН циклинде 2 кредиттик тандоо курсу үчүн дисциплина кошулду;

- ПЦ циклинде да 4 кредиттик тандоо курсу үчүн дисциплина кошулду.

Жогорудагы толуктоолорго сунуштарды берсеңиздер.

Т.М. Папиеванын жогорудагы билдирүүсүнөн кийин чогулуштун мүчөлөрү өздөрү окуткан дисциплинасы боюнча аннотацияларын сунуштап, талкууга коюшту.

Бул маселени талкуулап, төмөндөгүдөй чечим кабыл алышты:

а) 510100 “Математика” бакалавр багытынын негизги билим берүү программасы жактырылсын жана бекитилсин;

б) Бекитилген НББПны тастыктоо жагы ОшМУнун окуу иштери боюнча проректордон суралсын.

Чогулуштун төрайымы: Папиева Т.М.

Катчысы: Мустапакулова Ч.А.